**АУДИТОРДУК КОРУТУНДУ**
**КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН**
**финансылык отчеттуулук боюнча**
**«Аманат Кредит» МКК ЖЧКсы**

**«Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын катышуучуларына**

***Пикир***

Биз «Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын (мындан ары – «Компания») 2025-жылдын 31-декабрына карата финансылык абалы жөнүндө отчетун, ошондой эле көрсөтүлгөн датада жыйынтыкталган жыл үчүн кирешелер же чыгашалар жана башка жыйынды киреше жөнүндө отчетун, менчик капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчетун жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетун, ошондой эле финансылык отчеттуулукка эскертүүлөрдү, анын ичинде эсеп саясатынын негизги жоболору боюнча кыскача баяндоону камтыган финансылык отчеттуулугуна аудит жүргүздүк.

Биздин пикирибиз боюнча, тиркелген финансылык отчеттуулук 2025-жылдын 31-декабрына карата «Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын финансылык абалын, ошондой эле көрсөтүлгөн датада аяктаган жыл үчүн анын финансылык жыйынтыктарын жана акча каражаттарынын кыймылын Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык бардык олуттуу аспектилер боюнча ишенимдүү чагылдырат.

**Пикирди билдирүүнүн негиздери**

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына (АЭС) жана Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдарда тышкы аудит жүргүзүүнүн минималдуу талаптары жөнүндө жобонун (2006-жылдын 28-июнундагы №19/4, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Башкармалыгынын 2023-жылдын 8-декабрындагы №2023-П-12/76-1 токтомунун акыркы редакциясы) талаптарына ылайык жүргүздүк. Бул стандарттарга ылайык биздин милдеттер ушул корутундунун «Финансылык отчеттуулуктун аудитине аудитордун жоопкерчилиги» бөлүмүндө баяндалган.

Биз «Аманат Кредит» МКК ЖЧКсына карата Бухгалтерлер үчүн эл аралык этика стандарттары кеңешинин Кесипкөй бухгалтерлердин этика кодексине (Кодекс СМЭСК) жана биздин аудитке тиешелүү этикалык талаптарга ылайык көз карандысызбыз, ошондой эле бул талаптарга жана аталган Кодекске ылайык башка этикалык милдеттерди да аткардык. Биз алган аудитордук далилдер биздин пикирибизди билдирүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин негизги маселелери**

Аудиттин негизги маселелери – бул биздин кесиптик баамыбыз боюнча 2025-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл үчүн финансылык отчеттуулуктун аудитин жүргүзүүдө эң маанилүү болгон маселелер. Бул маселелер финансылык отчеттуулукту жалпы кароонун алкагында жана ага карата пикирибизди түзүүдө каралган, жана биз бул маселелер боюнча өзүнчө пикир билдирбейбиз.

**Исламдык терезе алкагында операциялары жана аларга байланышкан эсепке алуу жана ички көзөмөл маселелери**

**Эмне үчүн бул маселе аудиттин негизги маселеси катары таанылды**

Отчеттук мезгил ичинде Компания исламдык терезе алкагында операцияларды жүргүзө баштады, бул ишмердүүлүктүн жаңы багыты болуп саналат жана бухгалтердик эсеп, финансылык отчеттуулук жана комплаенс талаптары жагынан жогорку татаалдыгы менен мүнөздөлөт.

Отчеттук датага карата Компания исламдык терезе операцияларына байланыштуу активдерди, милдеттенмелерди, капиталды, ошондой эле кирешелер менен чыгашаларды ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк берген өзүнчө эсепке алуу системасын киргизе элек.

Жогоруда айтылгандарга байланыштуу, биз бул маселени отчеттук мезгил үчүн финансылык отчеттуулуктун аудитинде эң маанилүү маселелердин бири катары таанылык.

***«Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын жетекчилигинин жана корпоративдик башкарууга жооптуу жактардын финансылык отчеттуулук үчүн жоопкерчилиги***

«Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын жетекчилиги финансылык отчеттуулукту ФОЭСке ылайык даярдоо жана ишенимдүү көрсөтүү үчүн, ошондой эле олуттуу бурмалоолорду (алдамчылык же каталардын натыйжасында) камтыбаган финансылык отчеттуулукту даярдоого зарыл деп эсептеген ички көзөмөл системасы үчүн жоопкерчилик тартат.

Финансылык отчеттуулукту даярдоодо жетекчилик «Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүн баалоо, зарыл болгон учурларда үзгүлтүксүз ишмердүүлүккө тиешелүү маалыматтарды ачып көрсөтүү, ошондой эле отчеттуулукту үзгүлтүксүз ишмердүүлүк принцибинин негизинде түзүү үчүн жооп берет. Мындан тышкары, жетекчилик Компанияны жоюуну, анын ишмердүүлүгүн токтотууну көздөгөн учурлардан же мындай аракеттерден башка реалдуу альтернатива жок болгон учурлардан тышкары жоопкерчилик тартат.

Корпоративдик башкарууга жооптуу жактар «Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын финансылык отчеттуулугун даярдоо процессине көзөмөл жүргүзүү үчүн жооптуу.

***Аудитордун финансылык отчеттуулуктун аудитине карата жоопкерчилиги***

Биздин максатыбыз – финансылык отчеттуулукта алдамчылык же каталардын натыйжасында олуттуу бурмалоолор жок экендигине жетиштүү деңгээлде ишеним алуу жана биздин пикирибиз камтылган аудитордук корутунду берүү. Жетиштүү деңгээлдеги ишеним – бул жогорку деңгээлдеги ишеним, бирок АЭСке ылайык жүргүзүлгөн аудит ар дайым бардык олуттуу бурмалоолорду аныктайт деген кепилдик эмес.

Бурмалоолор алдамчылыктын же каталардын натыйжасы болушу мүмкүн жана алар өзүнчө же жыйынды түрдө финансылык отчеттуулукка негизденип кабыл алынган колдонуучулардын экономикалык чечимдерине таасир эте алат деп негиздүү күтүлсө, олуттуу деп эсептелет.

Аудиттин жүрүшүндө, Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык, биз кесиптик баамды колдонобуз жана аудиттин бардык этаптарында кесиптик скептицизмди сактайбыз. Мындан тышкары, биз төмөнкүлөрдү аткарабыз:

– финансылык отчеттуулуктун алдамчылык же каталардын натыйжасында олуттуу бурмаланышынын тобокелдиктерин аныктайбыз жана баалайбыз; бул тобокелдиктерге жооп катары аудитордук процедураларды иштеп чыгып, жүргүзөбүз; пикирибизди билдирүүгө негиз боло турган жетиштүү жана ылайыктуу аудитордук далилдерди алабыз. Алдамчылыктын натыйжасында олуттуу бурмалоону аныктабай калуу тобокелдиги катанын натыйжасындагы бурмалоону аныктабай калуу тобокелдигине караганда жогору, анткени алдамчылык макулдашып аракеттенүүнү, жасалмалоону, атайылап өткөрүп жиберүүнү, маалыматты бурмалап көрсөтүүнү же ички көзөмөл системасын айланып өтүүнү камтышы мүмкүн;

– аудит үчүн маанилүү болгон ички көзөмөл системасын түшүнөбүз, бул жагдайларга ылайык аудитордук процедураларды иштеп чыгуу максатында жүргүзүлөт, бирок «Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын ички көзөмөл системасынын натыйжалуулугу боюнча пикир билдирүү максатын көздөбөйт;

– колдонулган эсеп саясатынын ылайыктуулугун, ошондой эле жетекчилик тарабынан даярдалган бухгалтердик баалоолордун жана тиешелүү маалыматтарды ачып көрсөтүүнүн негиздүүлүгүн баалайбыз;

– жетекчилик тарабынан үзгүлтүксүз ишмердүүлүк принцибин колдонуу мыйзамдуубу деген жыйынтыкка келебиз, ошондой эле алынган аудитордук далилдердин негизинде окуялар же шарттар менен байланышкан, «Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын өз ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө олуттуу шек жараткан белгисиздик бар-жогун аныктайбыз;

– эгерде олуттуу белгисиздик бар деген жыйынтыкка келсек, анда биздин аудитордук корутундуда финансылык отчеттуулуктагы тиешелүү ачып көрсөтүүлөргө көңүл бурабыз же мындай ачып көрсөтүү жетишсиз болгон учурда биздин пикирибизди өзгөртөбүз. Биздин жыйынтыктар аудитордук корутунду берилген күнгө чейин алынган далилдерге негизделет. Бирок келечектеги окуялар же шарттар «Аманат Кредит» МКК ЖЧКсынын үзгүлтүксүз ишмердүүлүгүн улантуу жөндөмдүүлүгүн жоготушуна алып келиши мүмкүн;

– финансылык отчеттуулуктун жалпы берилүүсүн, анын түзүмүн жана мазмунун, анын ичинде маалыматтарды ачып көрсөтүүнү, ошондой эле анда камтылган операциялар жана окуялар ишенимдүү чагылдырылганбы же жокпу баалайбыз.

Биз корпоративдик башкарууга жооптуу жактар менен маалымат алмашабыз, анын ичинде аудиттин пландалган көлөмү жана мөөнөттөрү, ошондой эле аудиттин жыйынтыгы боюнча маанилүү эскертүүлөр, анын ичинде аудит учурунда аныкталган ички көзөмөл системасындагы олуттуу кемчиликтер жөнүндө маалымдайбыз.

Ошондой эле биз корпоративдик башкарууга жооптуу жактарга отчеттук мезгил үчүн аудитте эң маанилүү болгон маселелерди (аудиттин негизги маселелерин) билдирдик жана аларды корутундуда баяндадык, мыйзам тарабынан ачып көрсөтүүгө тыюу салынган же мындай ачып көрсөтүүдөн келтирилген зыян коомдук пайдасынан ашып кеткен учурларды эске албаганда.

Мындан тышкары, биз көз карандысыздыкка карата этикалык талаптардын сакталышын тастыктадык, ага таасир этиши мүмкүн болгон бардык мамилелер жөнүндө жана колдонулган сактык чаралары тууралуу маалымат бердик.

**Кумашева Ч.Д.**
**Аудитор / Директор**

*Аудитордун квалификациялык сертификаты: А сериясы №0018, каттоо номери №00113, 2006-жылдын 25-декабры*
*Жеке каттоо номери: №11093*

*«Интерфайненс» ЖЧКсы аудиторлордун жана аудитордук уюмдардын Бирдиктүү мамлекеттик реестрине 2023-жылдын 6-сентябрында №11093 менен катталган (Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Финансылык рынокту жөнгө салуу жана көзөмөлдөө кызматы тарабынан берилген); Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Исанов көчөсү, 105/3.*

**2026-жылдын 1-апрели**

**«Аманат Кредит» ЖЧК МКК**

# Түшкөн пайда же кеткен чыгым жана чогуу алгандагы башка киреше боюнча отчет

2025-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн
(Суммалар таблицаларда миң кыргыз сому менен көрсөтүлгөн)

| **Көрсөткүч** | **Эскертүүлөр** | **2025** | **2024** |
|---|---|---|---|
| Пайыздык жана ошондой эле башка кирешелер | 6 | 448 869 | 569 651 |
| Пайыздык жана ошондой эле башка чыгашалар | 6 | (180 943) | 220 220 |
| **Таза пайыздык кирешелер** | | **267 926** | **349 431** |
| Комиссиялык кирешелер | | 6 918 | 3 890 |
| Комиссиялык чыгашалар | | (1 934) | (3 326) |
| Соода операцияларынан таза чыгымдар | 7 | (14 142) | (20 506) |
| Жана башка кирешелер | 8 | 30 807 | 18 085 |
| Кредиттик жоготуулар боюнча резервди калыбына келтирүү/(түзүү) | 9 | (713) | (70 031) |
| Менчиктеги башка мүлктор боюнча резервди калыбына келтирүү/(түзүү) | 17 | - | - |
| Персоналга кеткен чыгымдар | 10 | (158 802) | (143 512) |
| Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин амортизациясы | 16 | (15 523) | (15 951) |
| Башка чыгашалар | 11 | (37 469) | (36 013) |
| Салык алынганга чейинки пайда | | 77 067 | 82 067 |
| Пайда салыгы боюнча чыгымдар | 12 | (9 453) | (8 435) |
| **Жыл ичинде алынган пайда** | | **67 614** | **73 632** |

**Аткаруучу директор**

**Омурзакова Гульзара Макешовна**

**Башкы бухгалтер**

**Жапарбекова Жаркынай Жапарбековна**

15–70-беттердеги эскертүүлөр ушул отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат

**«Аманат Кредит» ЖЧК МКК**

## Финансылык абал боюнча отчет

2025-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн
(Суммалар таблицаларда миң кыргыз сому менен көрсөтүлгөн)

| | Эскертүүлөр | 2025-жылдын 31-декабрына карата | 2024-жылдын 31-декабрына карата |
|---|---|---|---|
| ***Активдер*** | | | |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 13 | 14 364 | 28 997 |
| Туунду финансылык инструменттер | 14 | 11 444 | 9 647 |
| Кардарларга берилген кредиттер жана авансстрантар | 15 | 1 551 368 | 1 366 121 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 16 | 76 720 | 72 854 |
| Сатуу үчүн каралган узак мөөнөт колдонулган активдер | 17 | - | - |
| Башка активдер | 18 | 61 884 | 73 258 |
| **Жыйынтыгында, активдер** | | **1 715 780** | **1 550 877** |
| ***Милдеттенмелер жана өздүк капитал*** | | | |
| Финансы-кредит уюмдардан алынган карыздык каражаттар (насыялар) | 19 | 1 247 399 | 961 065 |
| Карызга алынган башка каражаттар | 20 | 5 813 | 12 254 |
| Учурдагы киреше салыгы боюнча милдеттенмелер | | 3 000 | 4 012 |
| Кийинкиге калтырылган салык милдеттенмеси | 12 | 2 398 | 2 023 |
| Башка милдеттенмелер | 21 | 59 013 | 93 683 |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер** | | **1 317 624** | **1 073 037** |
| ***Капитал*** | | | |
| Уставдык капитал | 22 | 330 542 | 404 208 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 67 614 | 73 632 |
| **Жыйынтыгында, капитал** | | **398 156** | **477 840** |
| **Жыйынтыгында, милдеттенмелер жана капитал** | | **1 715 780** | **1 550 877** |

**Аткаруучу директор**

**Омурзакова Гульзара Макешовна**

**Башкы бухгалтер**

**Жапарбекова Жаркынай Жапарбековна**

15–70-беттердеги эскертүүлөр ушул отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат

**«Аманат Кредит» ЖЧК МКК**

**КАПИТАЛДАГЫ ӨЗГӨРҮҮЛӨР ТУУРАЛУУ ОТЧЕТ**

2025-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн
(Суммалар таблицаларда миң кыргыз сому менен көрсөтүлгөн)

| Миң кыргыз сомунда | **Уставдык капитал** | **Кошумча капитал** | **Бөлүштүрүлбөгөн пайда** | **Жыйынтыгы** |
|---|---|---|---|---|
| 2023-жылдын 31-декабрына карата калдыгы | 224 700 | - | 67 516 | 292 216 |
| Уставдык капиталдын көбөйүшү | 179 508 | - | - | 179 508 |
| Капиталдын азайышы | - | - | - | - |
| Акционерлерге дивиденддер | - | - | (67 516) | (67 516) |
| Менчик ээлери менен операциялар | - | - | - | - |
| Жылдык пайда | - | - | 73 632 | 73 632 |
| Жыл ичиндеги жалпы жыйынды киреше | - | - | 73 632 | 73 632 |
| 2024-жылдын 31-декабрына карата калдыгы | 404 208 | - | 73 632 | 477 840 |
| Уставдык капиталдын көбөйүшү | 1 089 | | | 1 089 |
| Капиталдын азайышы (Ислам терезеси) | (74 755) | | | (74 755) |
| Акционерлерге дивиденддер | | | (73 632) | (73 632) |
| Менчик ээлери менен операциялар | | | | - |
| Жылдык пайда | | | 67 614 | 67 614 |
| Жыл ичиндеги жалпы жыйынды киреше | | | 67 614 | 67 614 |
| 2025-жылдын 31-декабрына карата калдыгы | 330 542 | - | 67 614 | 398 156 |

**Аткаруучу директор**

**Омурзакова Гульзара Макешовна**

**Башкы бухгалтер**

**Жапарбекова Жаркынай Жапарбековна**

15–70-беттердеги эскертүүлөр ушул отчеттун ажырагыс бөлүгү болуп саналат

**«Аманат Кредит» ЖЧК МКК**

## АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЖЫЛЫШЫ ЖӨНҮНДӨ ОТЧЕТ

2025-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн
(Суммалар таблицаларда миң кыргыз сому менен көрсөтүлгөн)

| Көрсөткүч | 2025-жылдын 31-декабры | 2024-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| **Операциялык иштен түшкөн акча каражаттары:** | | |
| Салык салууга чейинки пайда | 77 067 | 82 067 |
| **Түзөтүүлөр** | | |
| Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин эскилигинин жетиши | 15 523 | 15 951 |
| Негизги каражаттарды эсептен алып салуудан түшкөн пайда/(чыгым) | 691 | 1 200 |
| Пайыздар эсептелген активдер боюнча нарксыздануу резервиндеги өзгөрүү | 713 | 70 031 |
| Башка активдер боюнча нарксыздануу резервиндеги өзгөрүү | - | - |
| Активди пайдалануу укугу | (10 525) | (10 382) |
| Алууга каралган пайыздар | (294) | (5 186) |
| Төлөөгө каралган пайыздар | (7 018) | (5 859) |
| ***Операциялык активдер жана милдеттенмелер өзгөргөнгө чейинки операциялык иштен акча каражаттарынын агылып кириши*** | ***76 157*** | ***147 822*** |
| Операциялык активдердин өзгөрүүсү | | |
| Туунду финансылык инструменттер | (1 797) | (4 338) |
| Кардарларга берилген кредиттер жана аванстар | (94 092) | (24 459) |
| Сатууга арналган узак мөөнөттүү активдер | | - |
| Башка активдер | 11 374 | (5 928) |
| Операциялык милдеттенмелердеги өзгөрүүсү | | |
| Башка милдеттенмелер | (33 240) | (131 161) |
| **Салык алынганга чейин, операциялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза чыгымдалышы** | ***(41 598)*** | ***(18 064)*** |
| Төлөнгөн пайда салыгы | (8 066) | (8 227) |
| ***Операциялык иштен акча каражаттарынын таза чыгымдалышы*** | ***(49 664)*** | ***(26 291)*** |
| **Инвестициялык иштен түшкөн акча каражаттары** | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | (9 618) | (8 916) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатуу | - | - |
| ***Инвестициялык иштен түшкөн акча каражаттарынын таза чыгымдалышы*** | ***(9 618)*** | ***(8 916)*** |

**«Аманат Кредит» ЖЧК МКК**

2025-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн
(Суммалар таблицаларда миң кыргыз сому менен көрсөтүлгөн)

| **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттары** | | |
|---|---|---|
| Капиталды көбөйтүү | (73 666) | - |
| Финансы-кредит уюмдарынан алынган карыздык каражаттар (насыялар) | 293 352 | 179 508 |
| Алынган башка карыздык каражаттар | (6 355) | (70 958) |
| Төлөнүп берилген дивиденттер | (73 632) | (28 357) |
| ***Финансылык иштен акча каражаттарынын таза агымы (түшүүсү)*** | ***139 699*** | ***101 611*** |
| ***Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүшү/(азаюусу)*** | ***80 417*** | ***(67 516)*** |
| Жыл башындагы акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 28 997 | 51 813 |
| Күтүлүүчү кредиттик чыгымдардын өзгөрүшү | (95 050) | (287) |
| **Жыл аягындагы акча каражаттары жана алардын эквиваленттери (Эскертүү 13)** | ***14 364*** | ***28 997*** |

Аткаруучу директор

Омурзакова Гульзара Макешовна

Башкы бухгалтер

Жапарбекова Жаркынай Жапарбековна

«Аманат Кредит» ЖЧК МКК

**Ислам терезесинин алкагында операциялар боюнча кошумча маалымат**
2025-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн
(Суммалар таблицаларда миң кыргыз сому менен көрсөтүлгөн)

## ИСЛАМ ТЕРЕЗЕСИ АЛКАГЫНДА ОПЕРАЦИЯЛАР БОЮНЧА ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

### Ислам терезесинин түшкөн пайда же кеткен чыгым жана чогуу алгандагы башка киреше боюнча отчет

| Көрсөткүч | Эскерт. | 2025 |
|---|---|---|
| Каржылоодон түшкөн кирешелер | 5 | 2 641 |
| Башка операциялык кирешелер | | - |
| **Жалпы кирешелер** | | **2 641** |
| Учурдагы эсептер боюнча чыгымдар | | - |
| Операциялык чыгымдар | | - |
| **Салык салууга чейинки пайда** | | **2 641** |
| Пайда салыгы боюнча чыгымдар | | (264) |
| Кирешени тазалоого чегерүүлөр / кайрымдуулук фондуна өткөрүлгөн каражаттар | | - |
| **Таза пайда** | | **2 377** |

### Ислам терезесинин финансылык абалы боюнча отчет

| Көрсөткүч | Эскерт. | 2025-жылдын 31-декабры |
|---|---|---|
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 1 | 5 321 |
| Каржылоо боюнча дебитордук карыз | 2 | 96 627 |
| **Жалпы активдер:** | | **101 948** |
| Башка милдеттенмелер | 3 | 1 794 |
| Келечек мезгилдердин кирешелери (кийинкиге жылдырылган киреше) | 4 | 23 023 |
| **Жалпы милдеттенмелер:** | | **24 816** |
| Бөлүнгөн капитал (Ислам терезеси) | | 65 000 |
| Уставдык капитал | | 9 755 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 2 377 |
| **Жалпы капитал:** | | **77 132** |
| **Жалпы милдеттенмелер жана менчик капитал:** | | **101 948** |

**«Аманат Кредит» ЖЧК МКК**

2025-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн
(Суммалар таблицаларда миң кыргыз сому менен көрсөтүлгөн)

**Ислам терезесинин капиталындагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчет**

| **Статья** | **Бөлүнгөн капитал (Ислам терезеси)** | **Уставдык капитал** | **Бөлүштүрүлбөгөн пайда** | **Жалпы капитал** |
|---|---|---|---|---|
| 2025-жылдын 1-январына карата калдыгы | - | - | - | - |
| *Божомол:* "терезе" түзүү, уюштуруучулардын салымы | | | | |
| 2025-жыл ичиндеги өзгөрүүлөр | | | | |
| Уюштуруучулардын салымдары | 65 000 | 9 755 | - | 74 755 |
| Жылдык таза пайда | - | - | 2 377 | 2 377 |
| Дивиденддер / алып коюулар | - | - | - | - |
| 2025-жылдын 31-декабрына карата калдыгы | **65 000** | **9 755** | **2 377** | **77 132** |

**Ислам терезесинин акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчет**

| **Көрсөткүч** | **2025** |
|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ** | |
| Таза пайда | 2 377 |
| *Түзөтүүлөр:* | - |
| Соода дебитордук карыздын көбөйүшү (Истисна) | (23 173) |
| Кард-Хасан берилген зайымдардын көбөйүшү | (73 454) |
| Келечек мезгилдердин кирешелеринин (кийинкиге жылдырылган киреше) көбөйүшү | 23 023 |
| Кардарлар каражаттарынын көбөйүшү | 1 490 |
| Башка милдеттенмелердин көбөйүшү | 304 |
| Операциялык ишмердүүлүктөн таза акча агымы | (69 434) |
| ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ | |
| Негизги каражаттарды сатып алуу (болжол менен) | - |
| Инвестициялык ишмердүүлүктөн таза акча агымы | - |
| КАРЖЫЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН КЫЙМЫЛЫ | |
| Капиталга салымдар (башкы банктан) | 74 755 |
| Каржылык ишмердүүлүктөн таза акча агымы | 74 755 |
| АКЧА КАРАЖАТТАРЫНЫН ТАЗА КӨБӨЙҮШҮ | 5 321 |
| Мезгил башындагы акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | - |
| **МЕЗГИЛ АЯГЫНДАГЫ АКЧА КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ЭКВИВАЛЕНТТЕРИ** | **5 321** |

**«Аманат Кредит» ЖЧК МКК**

2025-жылдын 31-декабрында жыйынтыкталган жыл үчүн
(Суммалар таблицаларда миң кыргыз сому менен көрсөтүлгөн)

Финансылык отчет толугу менен Компаниянын Бишкек шаарынын Д.Шопоков атындагы көчө 99/1 дареги боюнча жайгашкан башкы кеңсесинен таанышууга болот.

Бул документти орус тилинен кыргыз тилине которуу "Lex Express Translation Agency" котормо агенттиги тарабынан ишке ашырылды
This is a true and accurate translation of original document made by “Lex Express Translation Agency”
103, Ibraimov Street, Bishkek 720011 The Kyrgyz Republic.
Tel.: +996 312 901 336; fax: +996 312 620 816
E-mail: lex_express@mail.ru
www.lexexpress.kg